# Класстык саат

Темасы:“ *Тил майрамы”*

**6 - класс**

Мугалим: Асанбаева Д. Э

2022-2023-окуу жылы

# Мамлекеттик тил күнү

Кылычын карап от чачып

Кызыгып кимдер келген жок.

Кыргында жанын берсе да

Кыргызым тилин берген жок.

Кыргыз тилин өзүм сүйүп үйрөнгөм

Мурунтадан ата-бабам сүйлөгөн.

Сен бар кезде мен тирүүмүн, мен бармын,

Сен жоголсоң мен жоголом дүйнөдөн.

Чыңгызымдын жат тили

Кылымдарды сапырган,

Доорлорду батырган

Ырдап бүткүс таңы бар.

Бирге жүрсөм кыргыз тилин кадырлайм,

Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.

Башка тилди жандай жакшы көрсөм да,

Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм.

Энең берген эне тил,

Эне тилди жакшы бил.

Атаң айткан алтын тил

Ата тилин жакшы бил.

Кыргыз тилим кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан. Эгемендикти алган жылдардан бери мамлекеттик тилди колдоо боюнча жигердүү иш- аракеттер көрүлүп, улуу жана орто муун эмес жаштарыбыз да мамлекеттик тилде эркин ой жүгүртүү менен эркин сүйлөп, учурда кыргыз тилин колдонуунун чөйрөсү кеңейүүдө. Дегенибиз ,мамлекеттик тил мектепте билим берүү, көркөм адабият, маданият жана искусство, жалпыга маалымдоо каражаттары чөйрөлөрүндө, соодада жана коомдук-саясый турмушта колдонулат. Дагестандын көрүнүктүү акыны Р.Гамзатов «Эгер бүгүн менин тилим жоголсо, анда мен өлүмгө даярмын» деген ыр саптарын кимдер гана билбейт. Ал өз тилинин, демек элинин чыныгы атуулу болгондуктан мына ушул саптар жаралгандыр. Чындыгында биздин эң башкы байлыгыбыз — эне тилибиз, дайыма согуп турган жүрөгүбүздө, тынбай учууга көмөк болгон канатыбызда кыргыз катары бизди ааламга тааныткан эне тилибиз. Ошон үчүн анын келечегине кам көрүү мен кыргызмын деген ар бир атуулдун ыйык парзы экендигин айтпасак да белгилүү. Ал эми мамлекеттик тил катары мыйзам менен бекемделген тилибизге сөз жүзүндө, иш жүзүндө колдоо көрсөтө албасак, анда биздин кыргыздыгыбыз, элдүүлүгүбүз кайда?

Тил — биздин канатыбыз. Ансыз учуу мүмкүн эмес. Демек, тилсиз жашоо болбойт. күндөлүк турмуштун өзү канат менен коштолуп, ошол канат менен максаттарга багыт алат. Канатсыз бир да куш асманга көкөлөп уча албаган сындуу биз дагы кыргыз тилибиз болбосо жашай албайбыз. Кыргыз тилин сүйөм деп айтып коюу оңой, ал эми аны ошол деңгээлге турмушка ашыруу абдан кыйын, оор. Айтарыбыз, кылымдын үрөйүн учурган кыйын кезең өтсүн, мейли дүйнөгө атагың чыкса да өз элиңди, байлыгыңды, улутуңду, тилиңди унутпа. Кыргыз ушул тилде төрөлүп, ушул тилде кыргыз болуп түптөлгөн. Ушул тилде улуу тарых

жазылган. Биз аны көздүн карегиндей сактап, ата-бабаларыбыздын мурасын улаган улуу журт болушубуз керек.

Мамлекеттик тил – бул мамлекеттеги улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алышуунун куралы.Мамлекеттик тил – мамлекетте иш кагаздарын жана сот иштерин алып барууда, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында окутууну жүргүзүүдө бир өлкөдө милдеттүү колдонулуучу тил. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили – кыргыз тили. Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам 1989-жылдын 23-сентябрында кабыл алынган. Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып өлкөбүздүн бардык булуң бурчтарында мыйзамды ишке ашыруу чаралары кабыл алынып, аткарыла баштаган.

Кыргыз тили Мамлекеттик тил статусун алуу менен, Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын тилдеринин өнүгүшүнө кам көрүү конституцияда, тил мыйзамында баса көрсөтүлгөн. Ошондуктан мектептерде орус, өзбек, казак, дуңган жана башка тилдерде окутуу жүргүзүлүүдө.  23-сентябрда кыргыз тилине Мамлекеттик тил макамы берилген күнүнө  байланыштуу бүгүн эне тил майрамынын урматына өлкө аймагында ар кандай иш-чаралар өтүүдө.

Илимий мекемелерде «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу илимий-практикалык иш-чаралар уюштурулууда.2014-жылы кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча улуттук программа кабыл алынган.Айрым байкоочулар орус тилине расмий макам берилгенден кийин, кыргыз тилине кайдыгер мамиле арбыганын айтып келишет.

Мамлекеттик тил кыргыздын канына сиңген камырабастыгы, кенебестиги, ыкшоолугунун кесепетинен азыркы кейиштүү жагдайга кириптер болууда. Эми биротоло чек коюп, учу-кыйыры жок чексиздикке, белгисиз мөөнөткө созо бербей жыйынтыктуу иш аракеттерди баштоого мезгил жетти. Иштиктүү аракеттердин жасалышы - турмуш талабы да, учурдун олуттуу маселеси да болуп чыңалып турган чагы.

Топудай кыргыз элинин өткөн улуу муундары кооз, бай жана көркөм кыргыз тилин жоготпой, өчүрбөй улам кийинки урпактарга кастарлап келишсе, бүгүнкү жаңы доордун жашоочулары, биз, улантууга күч-кубатыбыз жетпей жатканы өтө кечиримсиз иш. «Суунун да сурагы бар» дегендей тилди кор тута берсек, кам көрбөсөк, алыс эмес убакытта азабын тартып калышыбыз айдан ачык нерсе. Тилим менен тикенек алам деп куру безенеп сүйлөгөндөн көрө келечектүү, натыйжалуу жана кайтарымдуу иштерди кечиктирбестен баштоо абзел. Туура жазуу эрежебизди элдин талкуусуна салбай, ыгы жок өзгөртүп, окуучулар, мугалимдер, журналисттер жана жалпы коомчулук алты жыл азапты аябай эле тартышты.

Улуттук тилге кам көрүү - башка улуттардын тилин басмырлоо эмес. Тескерисинче, уңгулуу тилге (мамлекеттик тилге) урматтоо жаратып, ал аркылуу республикада жашаган улуттардын достугун, ынтымагын чыңдоонун негизи болуп саналат.

Ымыркайдын бешиктен бели чыккандан баштап, кыргыздын таалим, тарбия, нарк-насил, каада-салт ж.б. багыттагы айтымдарын кулагына куюп, көөдөнүнө сиңирүү - ар бир ата-эненин ыйык милдети. Мисалы: Израилде еврейлер балдарын кичине кезинен баштап «сен келечекте улуттун чыгааны, элдин баатыры болосуң» деп мактап, иврит тилин (1949-ж.) каны-жаны менен коргоого үйрөтүшөт. Ошондуктан бардык тарабын араб өлкөлөрү курчап турса да, мамлекетте эне тилин №1 маселе деп эсептешет.

КРдин билим берүү жана илим министрлиги мектептин кыргыз тили боюнча программасын түп-тамырынан кайра оңдоп чыгуусу зарыл. Курулай эрежелерди жаттатуудан көрө, өз оюн эркин, оозеки айтууга, кептик карым-катышка активдүү катышууга, сабаттуу, туура жазууга көнүктүрө турган ыкмаларды, усулдарды иштеп чыгуу - турмуштук зарылдыкты жаратууда.

Республикадагы жогорку жана атайын орто окуу жайларынын бардык адистиктеринин, мамлекеттик стандарттагы окуу планына кеп маданияты курсун киргизүү керек. Сүйлөшүүнүн талаптарын (туура, так, таза, көркөм ж.б.), эрежелерин (оозеки, жазуу кебинин нормалары), вербалдык эмес каражаттарды (кыймыл-аракет, ымдоо, жамдоо, ишарат), кептик этикет (учурашуу, коштошуу, жүрүм-турум манералары ж.б.), учкул сөз, макал-лакап, даанышман айтымдарды ыктуу колдонуп, сүйлөөгө көнүктүрүү - кыргыз тилинин пикир алышуудагы кызматын арттырат.

«Иш кагаздарынын практикуму» предмети ЖОЖдордо (кыргыз филологиясы факультетинен башкасы) жана атайын орто окуу жайларында окутулбай келүүдө. Мамлекеттик стандарттагы окуу пландарында  бул предмет өтө зарыл экендигине карабастан дагы эле киргизилбей калган. Келечекте жумуш орунга сабатсыз (иш кагаздары боюнча) адистер бүтүп барганына ичиң ачышат. Андыктан бул предметти окуу планына кылчактабай эле чечкиндүүлүк кылып киргизүү - жетекчилердин кулагына күмүш сырга болсун .

Бишкек,Ош шаарларындагы мекеме-ишканаларда, күч структураларында ж.б. иш кагаздары

жалпы бирдей талап менен окутулбай, ким билген намазын окуп, сабаттуулук, эреже бузулуп

жатат. Борборлоштурулган (республикалык, облустук, шаардык, райондук, айыл өкмөттүк) бирдей талаптагы, иретке келтирилген иш кагаздарын окутуунун жоопкерчилигин, үлгүлөрү  пайдаланылышы  керек.

«Сууну башынан тундур» дегендей кыргыз тилге болгон мамилени мамлекеттин, өкмөттүн жетекчилери, эл жакшыларынан баштоо максатка ылайыктуу болот. «Улуу көч кайда көчсө, кичүү көч ошондо көчөт» деген накыл сөз ар бир кыргыздын көөдөнүндө орноп, жогору жакты үмүттүү карап кыймылдаган адаты дале жашап келүүдө.

Коңшу мамлекеттердегидей (Казакстан, Өзбекстан) кызмат орунга кыргызча так сүйлөп, туура жаза алганына сынак жүргүзүү (чиновниктерди) же атайын мыйзамга талаптарды киргизүү керек. Ошондо гана муктаждыктын, зарылчылыктын шарапаты менен кыска убакытта өнүмдүү натыйжага жетүүгө болот. Бул багытта тилдин кашкөй, жалаң төш азаматтарынын карааны көзгө чалдыкпай келүүдө. Кыргыз тилинин такыба чыгааны, профессор Жээнбай Мукамбаевдин: «Кыргыз сөздөрү китепке түшүп, жашарып, көптүн көзүн ачып, билимдин каражатына айланганда гана Кыргызстанда кыргыз тилинин келечеги алга жылат»,-деген кеби калетсиз айтылган. Андыктан билим берүү тармагында кыргыз тилин окутууда (тарбиялануучуларды, окуучуларды, студенттерди, курсанттарды) сүйлөө кебин өстүрүү, дүйнө таанымын калыптандыруу адеп-ахлак жаатындагы сезимдерин жандандыруу, сабаттуулугун арттыруу маселесине терең көңүл буруу зарыл.

Кыргыз элинин жөрмөлөгөнүнөн таяк жөлөнгөнүнө чейин көкүрөгүнө эне тилин коргошундай уютуп, мекенчил сезимин оттой жалындатып, сүйлөшүүдө ыктуу колдонулганда гана тилдин келечегине үмүт жанат.

Кыргыз тилинин чыгаан кырааны, акын, жазуучу, сынчы, коомдук ишмер Камбаралы Бобуловдун ыр саптарынан үзүндү келтирели.:

Кыргыздын кыргыздан башка жоосу жок,

Кыргыздын Ала-Тоодон башка тоосу жок.

Эл эмеспиз, журт эмеспиз туугандар,

Эне тилдин ар намысын жоготсок-деген.Демек, баарыбыз мамлекеттик тилди-эне тилди барктап,бааласак.Анын өсүп-өнүгүшүнө салым кошсок.

Тилиң – тарых, тилиң-кузгу дилиңе.

Кимдигиңе тилиң күбө ириде.

Өз тилиңди кадыр тутуп, туу тутуп

Өтүүң парыз, бу дүйнөдө, тирүүдө.